*https://doi.org/10.54890/EHJ-2024-1-169*
**УДК: 614:378.096**

# И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КММАнын «МЕДИЦИНАЛЫК АЛДЫН АЛУУ ИШИ» ФАКУЛЬТЕТИНИН АЧЫЛЫШЫНЫН СЕБЕПТЕРИ

**Г.О. Бапалиева**
[1]И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекетик медициналык академиясы
Гигиеналык дисциплиналар кафедрасы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Корутунду.** Берилген илимий макалада И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын түзүмдүк курамында «Медициналык алдын алуу иши» факультетинин пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү тарыхы боюнча жүргүзүлгөн кеңири изилдөө анализинин жыйынтыгы көрсөтүлдү. Бул макала аркылуу автор жогоруда аталган факультеттин тарыхый аспекттерин тереңирээк иликтеп чыгып, анын түзүлүү жана өнүгүүсүнүн негизги себептерин көрсөтүүгө аракет кылды. Мындан сырткары макалада адистикке өзгөчө көңүл бурулуп, анын коомдук саламаттык сактоо системасындагы маанилүү ролун жана ордун ачып көрсөтүүгө мүмкүн болду.

Ошондой эле изилденген маалыматтар аталган «Медициналык алдын алуу иши» факультетинин өнүгүүсүнүн тарыхый контекстин жана аны менен бирге коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы маанисин тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берип, ага карата кошумча маалымат катары айтылган факультеттин өнүгүүсүнүн тарыхый аспекттери, анын республика боюнча саламаттыкты сактоо тармагына кошкон салымы тууралуу түшүнүктү кеңейтет.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви (КР БМА) жана И.К.Ахунбаев атындагы КГМАнын архиви тарабынан алынган буйруктар, токтомдор, отчеттор, жоболор жана статистикалык маалыматтар сыяктуу ар түрдүү документтерди кылдат талдоого таянган.

**Негизги сөздөр:** санитардык-эпидемиологиялык кызмат (СЭК), кадр, санитардык-гигиеналык факультет, гигиена.

# ПРЕДПОСЫЛКИ ДЛЯ ОТКРЫТИЯ ФАКУЛЬТЕТА «МЕДИКО-ПРОФИЛАКТИЧЕСКОГО ДЕЛА» КГМА ИМ. И.К. АХУНБАЕВА

**Г.О. Бапалиева**
[1]Кыргызская государственная медицинская академия им. И.К. Ахунбаева
Кафедра гигиенических дисциплин
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** В представленной научной статье проведено детальное исследование истории становления санитарно-гигиенического факультета в Кыргызской Государственной Медицинской Академии имени И.К. Ахунбаева. В этой статье автор более подробно рассмотрел исторические аспекты создания этого факультета и попытался указать на основные причины его создания и развития. А также особое внимание было уделено специальности в практической деятельности, что позволило раскрыть его важную роль и место в системе общественного здравоохранения.

Кроме того, изученные данные позволят глубже понять исторический контекст развития санитарно-гигиенического факультета, а вместе с ним и его значение, также его значимый вклад в области общественного здравоохранения республики.

Результаты и выводы проведенного исследования опираются на тщательном анализе различных документов, таких как приказы, положения, отчеты, доклады и статистических

данных, полученных в Центральном Государственном архиве Кыргызской Республики (ЦГА КР) и архиве КГМА им. И.К. Ахунабева.

**Ключевые слова:** санитарно-эпидемиологическая служба, кадр, санитарно-гигиенический факультет, гигиена.

## PREREQUISITES FOR THE OPENING OF THE FACULTY OF "MEDICAL AND PREVENTIVE AFFAIRS" OF THE KSMA NAMED AFTER I.K. AKHUNBAEV

**G.O. Bapalieva**
[1]Kyrgyz State Medical Academy named after I.K. Akhunbaev
Department of Hygienic Disciplines
Bishkek, Kyrgyz Republic

**Resume.** In the presented scientific article, a detailed study of the history of the formation of the sanitary and hygienic faculty at the Kyrgyz State Medical Academy named after I.K. Akhunbayev is carried out. In this article, the author examined in more detail the historical aspects of the creation of this faculty and tried to point out the main reasons for its creation and development. Particular attention was paid to the analysis of the specialty in practical activities, which made it possible to reveal its important role and place in the public health system.

In addition, the studied data will allow a deeper understanding of the historical context of the development of the sanitary and hygienic faculty, and with it its significance, as well as its significant contribution to the field of public health of the republic.

The results and conclusions of the study are based on a thorough analysis of various documents, such as orders, regulations, reports, reports and statistical data obtained in the Central State Archive of the Kyrgyz Republic (CSA KR) and the archive of the KSMA named after I.K. Akhunabev.

**Key words:** sanitary-epidemiological service, personnel, sanitary-hygienic faculty, hygiene.

**Киришүү.** Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын (ССР) Медициналык институтунда жаңы факультеттин ачылышы ошол мезгилдин муктаждыгынан улам келип чыккан.

Улуу Ата Мекендик согуш (1941-1945-жж.) республиканын саламаттыкты сактоо тармагын гана эмес, эл чарбасынын башка тармактарын да өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизген. Согуштан кийин большевиктер Коммунисттик партиясынын Vсъезди саламаттыкты сактоонун ишине тийиштүү баа берип, согуштун санитардык кесепеттерин жоюу, жаңы объекттерди жана курулуштарды куруу аркылуу медициналык-санитардык мекемелердин тармагын чыңдоо жана өнүктүрүү, ошондой эле калк арасында алдын алуу иштерди күчөтүү сыяктуу өлкөнүн медициналык кызматкерлерине чоң милдеттерди койгон [1-3].

Ошону менен бирге "Эпидемиялык жана кесиптик ооруларды алдын алууну жакшыртуу боюнча" партия тарабынан коюлган милдеттерди чечүү үчүн саламаттык сактоонун алдында иштеп жаткан санитардык-эпидемиологиялык кызматты кайра түзүү (реорганизациялоо) талап кылынган. Совет Өкмөтүнүн токтомунун алкагында бул кызматтар 1951-жылы кайра түзүлүп, санитардык-эпидемиологиялык кызматтарга эпидемияга каршы жана алдын алуу иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү милдеттери жүктөлгөн. Бул милдеттерден тышкары республиканын бардык иштеп жаткан өнөр жай, окуу жай, тамак-аш, коммуналдык ишканалардын жана калктуу аймактардын санитардык абалына учурдагы санитардык көзөмөл жүргүзүү киргизилген [1,4].

**Иштин максаты.** Кыргыз Республикасында «Медициналык алдына алуу иши» факультетинин түзүлүшү жөнүндө болгон архивдик жана адабий маалыматтарды изилдеп чыгуу жана жалпылаштыруу.

**Материалдар жана ыкмалар.** Акыркы 73 жылдагы КР БМА ресурстарынын архивдик документтерин жана илимий, юбилейдик эмгектерди пайдаланылып, тыянак чыгарылды. Талдоо үчүн медициналык институтта санитардык-гигиеналык факультетинин уюштурулушуна тиешелүү далилдүү негиздерди камтыган документтер колдонулду.

**Иштин жыйынтыгы жана аны талкуулоо.** 1952-жылга карата Кыргыз ССР кайра уюштуруунун натыйжасында 77 санитардык-эпидемиологиялык кызмат уюштурулган [5]. Санитардык-эпидемиологиялык кызматтын бул

мекемелери республиканын муктаждыгын канааттандыруу үчүн жетиштүү болгон. СЭКтын ишинин мыкты натыйжаларына жетишүү, ошондой эле эпидемиялык жана кесиптик ооруларды сапаттуу алдын алуу үчүн бул кызматтарды тиешелүү адистер менен толуктоо талап кылынган, бирок ошол мезгилде бул коюлган милдетти аткарууга мүмкүн эмес болчу, себеби 1952-жылга карата Кыргыз ССРнын Саламаттык сактоо министирлигинин мамлекеттик планы боюнча медициналык мекемелерге 2255 дарыгер, анын ичинде 136 санитардык дарыгерлер керек болгон. Бирок ошол жылга карата республикада иш жүзүндө болгону 1731 дарыгерлер иштеген жана 524 орун бош болгон. Ал эми штаттык ыраттама боюнча 136 санитардык дарыгер керек болсо, иш жүзүндө болгону 75 гана санитардык дарыгер иштеген. Тиешелүү дарыгерлердин жетишсиздигинен улам 6 райондук СЭКта фельдшерлер (Куршаб, Ош, Совет, Өзгөн, Чоң-Алай жана Ноокат) иштеген [1,4-6].

Түзүлгөн кырдаалга байланыштуу, ошондой эле санитардык-гигиеналык иштердин сапатын жакшыртуу максатында 1951-жылдын 21-апрелинде СССР Саламаттыкты сактоо министринин №357 (5-пункт) буйругу чыккан. СССР Саламаттык сактоо министринин буйругуна ылайык Кыргыз ССР Саламаттык Сактоо министрлигинин "Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун базасында санитардык-эпидемиологиялык кызмат үчүн дарыгерлерди даярдоо (кайра даярдоо)" боюнча 1952-жылдын 10-майында №96 буйругу чыккан. 1952-жылдан баштап медициналык институттун базасында СЭК дарыгерлерди лабораториялык ыкмаларды өздөштүрүү боюнча санитардык-гигиеналык жана санитардык-бактериологиялык кайра даярдоо курстары ачылган [4-6].

Ошол жылдары СССР санитардык дарыгерлер, эпидемиологдор жана микробиологдор сыяктуу адистерди даярдоодо көрүнүктүү ийгиликтерге жетишкен. Жыл сайын СССР медициналык институттары тарабынан тиешелүү профилдерде чыгарылган адистердин ошол кездеги саны 2500 адамга жеткен. СССР Саламаттык сактоо министрлигинин токтомуна ылайык дарыгерлерди толуктоо үчүн I Москва, Томск жана Тбилиси медициналык иституттарынын 1952-жылкы бүтүрүүчүлөрүнүн арасынан 50 дипломдуу адис Кыргыз ССРине жөнөтүлгөн [4,6].

Дарыгерлердин мындай саны СЭК системасынын тиешелүү кадрлары тарабынан олуттуу толуктоо болгон, бирок бул сан республиканын бардык аймагын толук кандуу тейлөө үчүн кыйынга турган. Алсак, иштеген дарыгерлер үчүн жөнөкөй турмуш-тиричилик шарттары жок жана климаттык-географиялык өзгөчөлөнгөн республиканын бийик тоолуу региондорунда саламаттык сактоонун ар кандай секторлорун квалификациялуу дарыгерлер менен толуктоо кыйынга турган. Ошол себептен, медициналык кадрлардын иштен бошоп кетүүсү өтө жогору болгон, алсак 1952-жылы 9-айдын ичинде бийик тоолуу аймактарга 32 дарыгер жөнөтүлгөн болсо, ошол эле мезгилде 30 дарыгер иштен бошоп кеткен [4,5].

Санитардык-эпидемиологиялык кызмат тарабынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, жугуштуу оорулар көбөйгөн. Кептөөр (дифтерия), кызамык, скарлатина, бруцеллез, ич келте жана ич өткөк (дизентерия) сыяктуу курч жугуштуу оорулар республиканын айыл жерлеринде гана эмес, шаарларда да көбөйгөн. Оорунун өсүшү менен бирге өлүмгө учуроо дагы жогорулаган, эгерде 1951-жылы өлүмгө учуроо 2,4% ды түзсө, ал эми 1952-жылы 9 айдын ичинде бул көрсөткүч 0,7% га өсүп, жалпысынан 3,1% ды түзгөн. Оорунун жогорку деңгээлинин негизги себептери болуп, калк арасында алдын алуучу иш-чаралардын жоктугу деп эсептелген. Жүргүзүлүп жаткан алдын алуу иш-чаралары жөн гана формалдуу мүнөздө болгон [7].

Ошондой эле, өнөр-жай санитариясы тармагында олуттуу кемчиликтер орун алган. Алсак, СЭК тоо-кен ишканаларында санитардык көзөмөл канааттандырарлык эмес жүргүзүлгөн. Себеби, тоо-кен тармагын тейлеген республикалык жана райондук СЭК өнөр-жай боюнча санитардык дарыгерлер жана санитардык лабораториялар жок болчу. Мунун баары тоо-кен өнөр-жайынын жумушчуларынын арасында эмгекке жарамдуулугун убактылуу жоготуу менен оорулардын жана жаракат алуулардын өсүшүнө себеп болгон [5,8].

Ошол кездеги жергиликтүү медициналык институтта жаш дарыгерлерди даярдоодо мүмкүнчүлүгү чектелүү болгон, себеби институт дарылоо иши боюнча гана адистерди даярдаган, ошондой эле дарылоочу адистер алдын алуу иш-чараларында кеңеш берүү менен гана чектелген, андыктан райондук СЭК тиешелүү түрдө толук масштабдуу санитардык-эпидемиялык иш-чараларды жүргүзө алышкан эмес [4].

Ошол себептен улам республиканын санитардык-эпидемиологиялык мекемелери адистердин жетишсиздиктигинен жана алардын тажрыйбасынын жоктугунан СЭК кайра уюштурууга даяр эместиги көрсөтүлгөн.

Санитардык-эпидемиялык кырдаалды жакшыртуу максатта, ошондой эле кадрлардын алмашуусун эске алуу менен СССР Саламаттык сактоо министринин "Гигиенисттерди,

эпидемиологдорду жана микробиологдорду даярдоо, адистештирүү жана жакшыртуу боюнча чаралар» деген 1952-жылдын 17-октябрында №928 буйругу чыккан [4,6].

Жогорудагы буйрукту аткаруунун алкагында 1953-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунда (КММИ) санитардык-гигиеналык факультети ачылган. Жаңы санитардык-гигиеналык факультетинин деканы болуп доцент С.Б. Данияров дайындалган [4,9-11].

Санитардык-гигиеналык факультеттин 1-курсуна 6 жылдык окуу мөөнөтү менен студенттерди кабыл алуу жөнүндө алгачкы жарыя "Советтик Кыргызстан" гезитинде 1953-жылы 2-августта №151 нускасында жарыяланган. Санитардык-гигиеналык факультетке план боюнча 100 студентти кабыл алуу пландаштырылган, ал эми иш жүзүндө КММИнин 1953-жылдын 20, 21 жана 22-августундагы кабыл алуу комиссиясынын отурумунда №2-протоколу менен 102 студент кабыл алынган [6,12].

Алты жылдан соң 1959-жылдын 14-июлунда санитардык дарыгерлердин биринчи 77 бүтүрүүчүсү бүткөн, анын ичинде 23 бүтүрүүчү жергиликтүү калктын өкүлдөрүнөн болгон. Санитардык-гигиеналык факультетти аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн ичинен экөө илимий изилдөө иштери үчүн кафедрага калтырылып, экөө андан ары Москва шаарындагы ординатура жана аспирантура окуусуна жөнөтүлгөн [13-15].

Азыркы учурда, санитардык-гигиеналык факультет "Медициналык алдын алуу иши" деп аталат. Факультеттин 70 жылдык тарыхында - үч миңге жакын адис дарыгерлери даярдады. Факультеттин бүтүрүүчүлөрү, азыркы учурда медициналык ар кандай тармактагы мекемелерде жетекчи, жогорку окуу жайлардын окутуучулары, ошондой эле Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин илимий-изилдөө мекемелеринин илимий кызматкерлери болуп иштеп келишет. Мындан тышкары, бүтүрүүчүлөр КР Улуттук Академиянын корреспондентинин мүчөлөрү, илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, И.К.Ахунбаев атындагы КММАнын проректору ж.б.у.с. белгилүү бүтүрүүчүлөр менен сыймыктанат.

**Тыянак.** Жыйынтыктап айтканда, коомдук саламаттыкты сактоо үчүн өздөрүнүн санитардык адистигин сүйгөн жана өлкөнүн калкынын бакубаттуулугу үчүн анын маанисин терең түшүнгөн кеңири жалпы медициналык жана гигиеналык даярдыгы бар санитардык дарыгерлер керек болгон жана болот деп айта алабыз. Дүйнөдө болуп өткөн эпидемиялык кырдаалга байланыштуу, Г.А. Захарьиндин "Азыркы учурда терапия күчсүз болгон эң зыяндуу жана кеңири жайылган оорулар гигиена менен гана алдын алынат" деген сөздөрү бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу.

***Адабияттар / Литература***


1. *Центральный Государственный Архив КР Ф. 316 Оп.7 Д.153. Доклады.1952: 294.*
2. *Центральный Государственный Архив КР Ф.316 Оп.7.Д.154. Приказы. 1953:251.*
3. *Центральный Государственный Архив КР Ф. 316 Оп.2 Д.3. Инструкции. 1953:205.*
4. *Центральный Государственный Архив КР Ф. 316 Оп.7 Д.551. Приказы. 1952:360.*
5. *Центральный Государственный Архив КР Ф. 1734 Оп.6 Д.576.Годовой отчет. 1959-1961:284.*
6. *Turgumbaeva JJ, Atambaeva RM, Kasymova RO, Bapalieva GO. Preventive medicine – forming the human resources potential of the health care system of the Kyrgyz Republic. European journal of natural history. 2023:2:5-11. https://doi.org/10.17513/ejnh.34329*
7. *Центральный Государственный Архив КР Ф. 316 Оп.7 Д.60. Постановление. 1953:192.*
8. *Центральный Государственный Архив КР Ф. 316 Оп.7 Д.544. Положение. 1952:129.*
9. *Центральный Государственный Архив КР Ф.1734 Оп.6 Д.225. Справки. 1951-1953:154.*
10. *Кудайбергенова И.О., ред. Кыргызская Государственная Медицинская Академия им. И.К. Ахунбаева 80лет. Бишкек:Турар; 2019. 288 с.*
11. *Абдикаримов С.Т., Ибрагимов Э.Ш. История санитарно-эпидемиологической службы, национальные программы ее преобразования в службы общественного здравоохранения КР. Бишкек; 2020. 252 с.*
12. *Центральный Государственный Архив КР Ф.1734 Оп.6 Д.316. Материалы. 1953-1954:514.*
13. *Бапалиева Г.О., Атамбаева Р.М., Тургумбаева Ж.Дж., Касымов О.Т. Становление и развитие гигиены в системе высшего медицинского образования Кыргызской Республики. Здравоохранение Кыргызстана. 2022;1:158-165. https://doi.10.51350/zdravkg20223123158*
14. *Центральный Государственный Архив КР Ф.1734 Оп.6 Д.214. Материалы. 1950-1959:221.*
15. *Центральный Государственный Архив КР Ф.1734 Оп.6 Д.26. Сведение. 1942-1957:77.*

***Цититалоо үчүн / Для цитирования***

*Бапалиева Г.О. И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын «Медициналык алдын алуу иши» факультетинин ачылышынын себептери. Евразиялык саламаттыкты сактоо журналы. 2024;1:169-173. https://doi.org/10.54890/EHJ-2024-1-169*

*Бапалиева Г.О. Предпосылки для открытия факультета «Медико-профилактического дела» КГМА им. И.К. Ахунбаева. Евразийский журнал Здравоохранения. 2024;1:169-173. https://doi.org/10.54890/EHJ-2024-1-169*

***Сведения об авторе***

**Бапалиева Гульназ Орозалыевна** - ассистент кафедры Гигиенических дисциплин Кыргызской государственной медицинской академии им. И.К. Ахунбаева, г. Бишкек, Кыргызская Республика; e-mail: zhazy2011@mail.ru